“№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемеси

# “№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемесинин

# Коопсуздук эрежелери

Таш-Көмүр шаары

2022-жыл

Scanned by TapScanner

Бекитемин

Мектеп директору: Султанова З.А.

2022-ж.

«№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби» мекемесинин окуучуларына жолдо жүрүү эрежелери боюнча инструктаж

Тротуарда жүрүү эрежелери:

• Тротуарда ар дайым оң жакта жүрүүсү зарыл;

• Тротуарда ар дайым автоунаа жол тарабында болуусу керек.

• Тротуарда жүргөндө ата-энелер, жашы улуулар кичине балдардын колунан жетелеп жүрүүсү зарыл.

• Тротуарда кетип жатканда, короолордон чыга калуучу автоунааларга көңүл буруу зарыл.

• Унаалар жүрүү үчүн жолдорго чыкпоо керек, колясканы жана чананы тротуарда гана түртүп жүрүү керек.

Жолду кесип өтүүдө:

• Жолду кесип өтүүдө атайын жөө адамдар үчүн белгилеген сызыктары бар жерлерден (зебра) гана өтүү керек.

• Биринчи сол жакты, жолдун жарымына жеткенде он жакты кароо зарыл.

• Жол чырагы (светофор) автоунаалар үчүн кызыл жарыгы күйгөндө, кесип өтүүчүлөр үчүн жашыл жарык жанганда гана жөө адамдар өтүүсү зарыл.

• Катуу ылдамдыкта келе жаткан унаанын астынан чуркап өтпөө керек.

• Кесилиштен бурулууга даярданган автоунаанын кыймылына жана бурулуу сигналдарына көңүл буруу керек.

• Кесип өтүүдө бири-бири менен сүйлөшүүнү токтотуу керек.

• Кесип өтүүдө автоунаанын аркасынан же дарактардын арасынан жолго чыга калбоо керек.

• Жолдун каршы тарабынан досторду, тааныштарды, керектүү коомдук автобусту көргөндө чуркабоо керек.

Унаага чыгып жатып жана түшүп жатканда:

• Унааны тротуарда же аялдамада гана күтүү керек, чоң жолго чыкпоо абзел.

• Унаадан түшүп жатканда, чоң адам биринчи түшүүсү зарыл, кичинекей адам түшүп чуркап жиберүүсү мүмкүн.

• Түшүү үчүн эшикке унаа толук токтогондон кийин гана жакындоо керек.

• Унаа жүрө баштаганда ага чыгууга аракет жасабоо керек.

• Аялдамада турганда жолго түртүлүп чыгып кетүү коркунучу бар болгондуктан, этият болуу керек.

Scanned by TapScanner

Бекитемин
Мектеп директору: Султанова З.А.
2022-ж.

"№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби" мекемесинин окуучуларына техникалык коопсуздук боюнча инструкция

Мектептин окуучулары ар кандай кырсыктардан алдын алуу максатында төмөндөгү эрежелерди аткарууга тийиш:

• Терезеге отурбагыла;

• Жогорку кабаттагы терезелерден баш бакпагыла жана бир нерсени ыргытпагыла;

• Тепкичтерден жүгүрбөгүлө;

• Өз алдыңарча электр точкаларына тийбегиле. Бузулгандыгын байкаган учурда дароо мугалимдерге билдиргиле;

• Түртүшпөгүлө, жөөлөшпөгүлө, күрөшпөгүлө;

• Жаныңарга учтуу жана курч нерселерди (бычак, маки, кайчы ж.б), ширеңке,зажигалка алып жүрбөгүлө жана лицейге алып келбегиле;

• Өзүңөрдүн жана курбуларыңардын колдорун кыпчытып албаш үчүн эшиктерди абайлап жапкыла;

• Дене тарбия жана аскерге чейинки даярдык сабагында абайлап ойногула;

• Мектептин айланасындагы темирлерден жана башка таштандылардан алыс болгула;

• Класстардагы парталар жана башка буюмдарды уруксатсыз ордунан жылдырбагыла;

• Кыш мезгилинде тайгаланып жыгылуудан сактануу үчүн бутуңарды кардан тазалап киргиле жана абайлап баскыла;

• Мектептин ичинде суу, кар топ менен ойноого болбойт;

• Кабинеттердин коопсуздук эрежелерин так аткаргыла;

• Сынган инвентарларды көрсөңөр, ошол замат жетекчиликке же нөөмөтчү мугалимге билдиргиле.

• Тез жарылуучу предметтерди мектепке алып келүүгө тыюу салынат.

Scanned by TapScanner

Бекитемин
Мектеп директору: [signature] Султанова З.А.
"___" ______ 2022-ж.

Өрт коопсуздугу боюнча окуучулар үчүн инструкция

«№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби" мекемесинде өрт кырсыгынан сактануу жана алдын алуу үчүн окуучулар төмөндөгүлөрдү эсине тутушу, аткарышы зарыл:

• Жаныңарга тез тутануучу нерселерди (ширеңке, зажигалка, ж.б.) алып жүрбөгүлө;

• Компьютер,проектор, телеаппаратураларын иштеген бойдон кароосуз калтырбагыла;

• Имараттарга (курулуштарга) жакын от жакпагыла жана калдыктарды,таштандыларды өрттөбөгүлө;

• Окуу кааналарында ачык розеткаларды көрсөңөр, мугалимдерге билдиргиле;

• Жардыруучу оюнчуктарды мектепке алып келүүгө, ойноого катуу тыюу салынат;

• Өрт учурунда чаң-тополоңго түшпөй, ирети менен тышка чыгууга аракеттенгиле,коопсуздук эрежелерин так аткаргыла, эвакуация планы боюнча аракеттенгиле;

• Өрт чыгышын байкаган учурда мугалимдерге шашылыш билдиргиле;

Өрт учурундагы аракеттер

▪ Өрт кырсыгы тууралуу "101" телефону боюнча аймактык өрт өчүрүү кызматына кабарлагыла;

▪ Колдо болгон өрт өчүрүүчү каражаттар менен өрттү өчүрүүгө киришүү;

▪ Адамдарды сактап, биринчи жардам көрсөткүлө;

▪ Материалдык баалуулуктарды сыртка ташыгыла;

▪ Жалындап күйүп жаткан өрттү нымдалган кебез менен жабуу керек;

▪ Жерге төгүлүп күйүп жаткан суюктуктарды кум же топурак менен өчүрүү керек;

▪ Күйүп жаткан эмеректерди жана буюмдарды суу менен өчүргүлө;

▪ От чыккан электр точкаларын жана зымдарды суу менен өчүрүүгө болбойт.

Scanned by TapScanner